# "№108-Кесиптик лицей"мекемиси

**"№ 108 Кесиптик лицей" мекемесинде**
**программалык аккредитациялоо өткөрүү жөнүндө эксперттик комиссиянын отчету**

**Председатель:** Мейманова Алымкан Эргешовна
№ 77 Кесиптик лицей, директор.

**Референт:** Мамытканов Джумакадыр Суйуналиевич
ББПУАА, нормативдик-укуктук камсыздоо жана өнүктүрүү боюнча менеджери.

**Комиссия мүчөлөрү – билим берүү программалары боюнча эксперттер**

| № | Программанын аталышы | Шифр | Эксперттердин аты-жөнү | Иштеген жери, кызматы, ил.даражасы, ил.наамы. |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Электр жана газ менен ширетүүчү (2 жы) | 7212 | Мусуралиев Дуйшеналы Мырзабекович | №111 КЛ, өндүрүштүк окутуунун устаты. |
| 2 | Автотранспорт каражаттарын оңдоочу слесарь (2 жыл) | 7231 | Акматалиев Мухидин | № 63 КЛ, өндүрүштүк окутуунун устаты. |
| 3 | Тигүүчү. Тигүү жабдууларынын оператору (10 ай) | 8263, 7443 | Мейманова Алымкан Эргешовна | Кочкор-Ата шаарындагы № 77 Кесиптик лицейинин директору. |
| 4 | В жана С" катег. автомобильдин айдоочусу (окуу мөөнөтү 2 жыл) | 8322 | Бапалиев Алтынбек Орозалиевич | "Орозалы" автомектебинин директору. |

**2025-жыл 28-29-апрель.**

## БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (ББПУАА)

### 1 - Стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү

**Алсыз жактар:**

1.Билим берүү программасын өркүндөтүү максатында окуучулардын жана жумуш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун мезгил-мезгили менен баалоо тартиби толук такталган эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 2025-ж. 01.09. чейин билим берүү программасын өркүндөтүү максатында окуучулардын жана жумуш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун мезгил-мезгили менен баалоо тартиби толук такталып ишке киргизилсин жана анын натыйжаларын ар жыл сайын талдоо камсыздалсын.

**1 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

### 2 - Стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу

**2 - Стандарт аткарылып жатат.**

### 3 - Стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо

**Алсыз жактар:**

1. Окуучулар менен үзгүлтүксүз кайтарым байланышты жүзөгө ашыруу жана алардын натыйжаларын педагогикалык усулдарды, билим берүү формаларын жана окутуу технологияларын баалоо жана түзөтүү үчүн колдонуу билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жол-жобосу такталган эмес.

**Сунуштамалар:**

1. Окуучулар менен үзгүлтүксүз кайтарым байланыш түзүүнүн жана алардын натыйжаларын педагогикалык усулдарды, билим берүүнүн формаларын жана окутуу технологияларын баалоо жана түзөтүүнүн жол-жобосу 2025-ж. 01.09. чейин иштелип чыксын жана анын натыйжаларын ар жыл сайын талдоо камсыздалсын.

**3- Стандарт жетишсиздиктер аткарылып жатат.**

**4 - Стандарт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал**

**Алсыз жактар:**

1. Билим берүүнүн сапатын жогорулатууга көмөктөш болгон, тиешелүү билим берүү программалары боюнча окуу куралдарын, окуу китептерин иштеп чыгуу жана басып чыгаруу боюнча окутуучулардын иши аз көлөмдө жүргүзүлөт.

**Сунуштамалар:**

1. Билим берүү программаларына жана эмгек рыногунун керектөөлөрүнө ылайык келген окуу-методикалык материалдарды иштеп чыгуу жана басып чыгаруу боюнча планды 2025-ж. 01.09. чейин иштеп чыгып анын натыйжаларын жыл сайын талдоо менен анын аткарылышы камсыздалсын.

**4- Стандарт жетишсиздиктер аткарылып жатат.**

**5 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар**

**Күчтүү жактары:**

1. Кесиптик лицейдин окуу имаратын капиталдык оңдоо учун республикалык бюджеттен 83 мл.сом бөлдүрүүгө жетишишип,оңдоо иштери жүрүп жатат.

**Алсыз жактар:**

1. Айрым окуу дисциплиналар боюнча окуучулар мамлекеттик тилде заманбап окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-методикалык материалдар менен жетишсиз камсыздалган.

**Сунуштамалар:**

1. Окуучуларды мамлекеттик тилде заманбап окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-методикалык материалдар менен жетиштүү көлөмдө камсыздоо боюнча планды 2025-ж. 01.09. чейин иштеп чыгып анын натыйжаларын жыл сайын талдоо менен анын аткарылышы камсыздалсын.

**5 - Стандарт жетишсидиктер менен аткарылып жатат.**

**Стандарттардын бааланышы**

Стандарт 1 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
Стандарт 2 – аткарылып жатат
Стандарт 3 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
Стандарт 4 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
Стандарт 5 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

№108-КЛ билим берүү программаларына тышкы баалоо жүргүзгөн эксперттик комиссия өзүнүн отчетунун негизинде

7212 Ширетүүчү,(электр газ менен ширетүүчү)
7231 Автотрансорттук каражаттарды ондоочу слесарь
8322 "В,С" категориясындагы автомобилдин айдоочусу
8263 Тигүү жабдууларынын оператору,
7443 Тигүүчү

билим берүү программаларын
5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоону сунуштайт

**2025-ж. 29.04.**